**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги**
**Кочкор-Ата колледжи**

Макулдашылды
КАКтын Педагогикалык
кеңешинин №3 токтому
«17» 12 2024-жыл

Бекитем
КАКтын директору, т.и.к.
Б.С.Назарбаева
«17» 12 2024-жыл

# КАКта дистанттык технологияларды (AVN) колдонуу менен сырттан (дистанттык) окуу формасындагы студенттердин билим алуусу жөнүндө ЖОБОСУ

Кочкор-Ата - 2024

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан (дистанттык) билим берүү технологиясын колдонуунун тартиби "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштелип чыкты. Билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан (дистанттык) билим берүү технологияларын колдонуунун тартиби жөнүндө жобосу орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан (дистанттык) билим берүү технологияларын колдонуунун тартибин аныктайт.

1.2. Аралыктан (дистанттык) билим берүү технологияларын колдонууда негизги маалыматтык ресурс болуп аралыктан окутуунун маалыматтык базасы эсептелет (AVN), ал өзүнүн көлөмү жана мазмуну боюнча белгилүү деңгээлдеги негизги билим берүү программалары үчүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жана кошумча кесиптик билим берүү программаларынын мазмунунун талаптарына шайкеш келиши керек.

1.3. Аралыктан (дистанттык) окутууда билим берүү уюму ар бир студентке тиешелүү билим берүү программасын же анын бөлүгүн өздөштүрүү үчүн зарыл болгон аралыктан окутуу каражаттарына жана окуу планындагы сааттардын көлөмүндө негизги маалыматтык ресурска жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылат.

1.4. Аралыктан (дистанттык) окутууну уюштурууда окуу процессинин жыйынтыктарын каттоо жана ички иш кагаздарын жүргүзүү кагаз жана (же) электрондук түрдө жүргүзүлөт.

1.5. Аралыктан (дистанттык) окутуу билим берүү технологияларынын жыйындысын колдонуу менен камсыз кылынат, мында окугандар менен окутуучунун максаттуу кыйыр же толук эмес кыйыр өз ара байланышы алардын турган жерине карабастан педагогикалык жактан уюштурулган маалыматтык технологиялардын негизинде, баарыдан мурда телекоммуникациялык технологиялар каражаттарын пайдалануу менен жүзөгө ашырылат.

## 2. КАКта аралыктан (дистанттык) билим берүү технологияларынын түзүмү

- интернет-технология, Кочкор-Ата колледжинин сайты ( https://kak.edu.kg/nas/);
- автоматташтырылган системасы (AVN)
- мультимедиалык коштолуучу адистештирилген окуу китептери;
- электрондук окуу-методикалык комплекстер;
- дистанттык окутуунун тартиби боюнча тиркеме №1

## 3. КАКта аралыктан (дистанттык) билим берүүнү ишке ашыруунун милдеттери жана функциялары

3.1. Практикалык сабактарды өтүү тартиби AVN системасында, Кочкор-Ата колледжинин сайтында ( https://kak.edu.kg/ru/o-nas/) жумушчу программанын негизинде **предметтик дисциплиналардын программалырына ылайык** студенттер үчүн алгач онлайн режиминде окутууну уюштуруу иштери жүргүзүлөт. Мында окутуучулар предметтери боюнча маалымат жана түшүндүрмө берет (AVN тайпалык чатында).

- кийинки жумаларда ( 2 жума) студент окуу сессиясына катышат анда окутуучулар предметтери боюнча AVN системасында сабактардын мазмуну жайгаштырылат. Предметтик окутуучу окутуунун методдорун өз алдынча (платформаларды) тандайт.

3.2. Белгиленген академиялык сааттарды аткаргандан кийин экзамендик (Э.) сессиялар башталат, анда студенттер тесттик тапшырмалар аркылуу алган билимин автоматтык түрдө аныктайт (кайтарым байланыш, тест аркылуу)

3.3. Экзамендик сессияны тапшыра албай калган учурда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому менен бекитилген Кыргыз

Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салган нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө токтомуна ылайык окуу жайга көрсөтүлгөн тартиптеги төлөөлөрүн жүргүзүү менен академиялык карыздарын жоюу (АКЖ) мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алат.

3.4. Тиешелүү академиялык сааты аткарылып, орто кесиптик билим берүү программасын толук өздөштүрүп (II курс жана бүтүрүүчү курс), жетишүү менен аяктаган студент жыйынтыктоочу аттестациялоо кирет. Жыйынтыктоочу аттестация окуу жайга студенттин милдеттүү түрдө келип катышуусу менен жүзөгө ашырылат.

Өзгөчө кырдаал/өзгөчө абал режиминин шарттарында Кочкор-Ата колледжи тарабынан аныкталган тартипте аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде билим алуучуларды орто аралык аттестациялоого жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого жол берилет.

Долбоорду дярдагандар:

1. Назарбаева Б.С.
2. Эргешова О.К.
3. Пазылова З.П.
4. Кочкорова Р.Ж.
5. Джумабаева Э.А.

**Тиркеме №1**

## Дистанттык окутуунун тартиби:

Практикалык сабактарды өтүү тартиби AVN системасында, Кочкор-Ата колледжинин сайтында ( https://kak.edu.kg/ru/o-nas/) жумушчу программанын негизинде **предметтик дисциплиналардын программалырына ылайык с**туденттер үчүн алгач онлайн режиминде окутууну уюштуруу иштери (ОР) жүргүзүлөт. Мында окутуучулар предметтери боюнча маалымат жана түшүндүрмө берет.

- кийинки жумаларда ( 2 жума) студент окуу сессиясына катышат анда окутуучулар предметтери боюнча AVN системасында сабактарын өтүшөт.

**2-курстун мисалында**

| **Графиктин белгилениши** | **ОР** | **ОС** | **ОС** | **Э** | **АКЖ** | **Жалпы жумалар** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Түшүндүрмө | Окутууну онлайн режиминде уюштуруу | Окуу сессиясы | Окуу сессиясы | Экзамендик сессия | Академиялык карызды жойуу | 5 |
| Жасалуучу | Предметтик | Предметтик | Предметтик | Предметтик | Кайтарым байланышта | 5 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| жумуштун мазмуну | дисциплина боюнча уюштуруу иши жүргүзүлөт. | дисциплинанын негизги мазмуну жана кошумча тапшырмалар берилет | дисциплинанын негизги мазмуну жана кошумча тапшырмалар берилет | дисциплинанын мазмунуна ылайык кайтарым байланыш жасайт (студент) | канааттандырылбаган студент кайрадан академиялык карызын жойот | |

3-курстун мисалында

| Графиктин белгилениши | ОР | ПП (5 жума) | ОС | ОС | Э | АКЖ | Жалпы жумалар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Түшүндүрмө | Окутууну онлайн режиминде уюштуруу | Ар бир адистик боюнча практиканы өткөрүү боюнча шаардык, райондук билим берүү башкармалыктары, | Окуу сессиясы | Окуу сессиясы | Экзамендик сессия | Академиялык карызды жойуу | 10 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | мекеме-ишканалар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде жөнөтүү | | | | | |
| Жасалуучу жумуштун мазмуну | Предметтик дисциплина боюнча уюштуруу иши жүргүзүлөт. | Өтөп келген практикалардын отчетторун студент окуу жайдан бекитилген практика жетекчисине тапшырат, практика жетекчиси баалайт. | Предметтик дисциплинанын негизги мазмуну жана кошумча тапшырмалар берилет | Предметтик дисциплинанын негизги мазмуну жана кошумча тапшырмалар берилет | Предметтик дисциплинанын мазмунуна ылайык кайтарым байланыш жасайт (студент) | Кайтарым байланышта канааттандырылбаган студент кайрадан академиялык карызын жойот | 10 |

**4-курстун мисалында**

| **Графиктин белгилениши** | **ОР** | **ОС** | **ОС** | **МП (6 жума)** | **Э** | **АКЖ** | **ТА (2 жума )** | **МА 2(жума)** | **Жалпы жумалар** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Түшүндүрмө | Окутууну онлайн режиминде уюштуруу | Окуу сессиясы | Окуу сессиясы | Ар бир адистик боюнча практиканы өткөрүү боюнча шаардык, райондук билим берүү башкармалыктары, мекеме-ишканалар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде жөнөтүү | Экзаменд ик сессия | Академия лык карызды жойуу | Кыргызстан тарыхы, кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстан дын географиясы боюнча консультаци яларды уюштуруу | Атайын сабактар боюнча мамлкетти к аттестация лоо боюнча консультац ияларды уюштуруу | 15 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жасалуучу жумуштун мазмуну | Предметтик дисциплина боюнча уюштуруу иши жүргүзүлөт. | Предметтик дисциплинанын негизги мазмуну жана кошумча тапшырмалар берилет | Предметтик дисциплинанын негизги мазмуну жана кошумча тапшырмалар берилет | Өтөп келген практикалардын отчетторун студент окуу жайдан бекитилген практика жетекчисине тапшырат, практика жетекчиси баалайт. | Предметтик дисциплинанын мазмунуна ылайык кайтарым байланыш жасайт (студент) | Кайтарым байланышта канааттандырылбаган студент кайрадан академиялык карызын жойот | Кыргызстан тарыхы, кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын географиясы боюнча мамлекеттик аттестациялоону өткөрүү | Атайын сабактар боюнча мамлекеттик аттестациялоону өткөрүү | 15 |

Эскертүү: Экзамендик сессияны тапшыра албай калган учурда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн, билим берүү уюмдарынын

ишин жөнгө салган нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө токтомуна ылайык окуу жайга көрсөтүлгөн тартиптеги төлөөлөрүн жүргүзүү менен академиялык карыздарын жоюу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алат.